| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XI сессиясынын № 18 токтому

**22-февраль 2023-жыл**

**Жумушсуздук боюнча каттоодо турган айыл аймагынын тургундарына, коомдук иште иштеген эмгеги үчүн кошумча акы төлөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө”, “Бюджет Кодексине” жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык, айыл Өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Дүйшембиеванын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-апрелиндеги №208 токтомуна ылайык “Акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды уюштуруу жөнүндө” ЖОБОсуна ылайык, Тоң райондук эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгында жумушсуздук боюнча каттоодо турган айыл аймагынын тургундарына, коомдук иште иштеген эмгеги үчүн кошумча акы төлөө жөнүндө сунушун угуп, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Тоң райондук эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгында, жумушсуздук боюнча каттоодо турган Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн тургундары, айыл аймагынын коомдук иштерине тартылган ар бир жаранга кошумча 300 сомдон эмгек акы төлөнүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышы айыл Өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Дүйшембиевага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл Өкмөтүнүн башчысы Ж.Зарнаевге тапшырылсын.

**Айылдык Кеңештин төрагасы** **М.Жунушалиев**

**Катчысы** **Г.Садырова**